Бекитем:

Мектеп директору __________ Өмүрбеков М.

14.09.2022 -жыл

**Мамадалы Барпиев атындагы № 19 Жылгын жалпы орто билим берүүчү мектебинин директор алдындагы кеңешмеси боюнча жобосу.**

**1.Милдеттери.**

Мектеп директорлору айдын ар жумаларынын бир күнүндө дайыма шарттуу түрдө жыйналыштарды аткарат. Ушул жыйналыштардын бирөөсүн дайыма пландуу түрдө өткөрүп, анда:

1.Предмет аралык усулдук бирикмелердин иштеринин абалын;

2.Ички көзөмөлдүн планы боюнча текшерүүнүн жыйынтыктарын;

3.Санитардык –гигиеналык талаптардын аткарылышын;

4.Окуу кабинеттеринин конкурсунун жыйынтыктарын;

5.Кышка карата даярдыктардын абалын;

6.Мектеп иш кагаздарынын жүргүзүлүшүн;

7.Ата-энелер менен иштөөнүн абалын;

8.Чарбалык багыттагы маселелерди карайт.

**2.Өткөрүү тартиби.**

2.1. Пландуу жыйналышты, ички педагогикалык кеңешме катары өткөрүп (мындан ары директор алдындагы кеңешме), ага бардык мугалимдерди катыштырбастан, каралуучу маселеге тийиштүүлөрүн гана катыштырып өткөрүүгө болот.

2.2.Директор алдындагы кеңешменин туруктуу мүчөлөрү болуп: директор, анын орун басарлары,профсоюз уюмунун төрайымы болуп эсептелет.

2.3.Директор алдындагы кеңешмеде бир же бир нече класстардагы окуучулардын билим сапаттары, тематикалык жана персоналдык текшерүүлөрдүн жыйынтыктары, башталгыч класстардын окуучулардын билим деңгээли жана окуучулардын күндөлүтөрүнүн жана дептерлеринин абалы жөнүндөгү маселелер каралат.

2.4. Директор алдындагы кеңешмедеги каралган маселелердин орчундуулугуна жана сапаттуу даярдалышы аркылуу, педагогикалык жамааттын бардык тармактар боюнча ишмердүүлүгн натыйжалуу көзөмөлдөөгө жана жетектөөгө болот. Кеңешмеде каралуучу маселелердин ар бирине 10-15 минут, ал эми чыгып сүйлөөчүлөргө 3-5 минута убакыт ажыратылып, жалпысынан 45-60 минут убакытка созулат.

2.5. Директор алдындагы кеңештин курамына кирген мугалимдердин арасынан окуу жылына карата кеңештин катчысы шайланат. Кеңештин катчысы отурумдардын протоколдорун системалуу, мазмундуу түрдө жазып барат.

2.6.Жазылган протоколго төрага жана катчы кол коет. Директор алдындагы кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдер, каралган маселелердин мазмундарына жараша тиешелүү мугалимдер үчүн аткарууга милдеттендирилет.